**2023-жыл, 27.02**

**Ботаника, ЖБД жана БОУ кафедрасынын кезексиз өндүрүштүк кеңешмеси**

Катышкандар –13

**Күн тартибинде каралуучу маселелелер**

1. 550100 - "Табигый илимий билим берүү" багыты жана 520200 – "Биология" багыты боюнча стейкхолдерлер менен магистрдик программаларды талкуулоо.

***Угулду***: кафедра башчы доцент Д.А. Эмилбекова кеңешменин күн тартиби менен тааныштырды. №17- "Ю.Гагарин", №31-"Курманжан Датка", №38- Барпы Алыкулов, №23-И.В. Панфилов атындагы орто мектептердин стейкхолдерлеринен окутуунун суроо-талаптарын аныктоо жана билим берүү программасына зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында анкетанын мазмунун талкуулоо боюнча билдирди. Ошондой эле кафедранын магистратура бөлүмүндө окутулуучу предметтердин жумушчу программаларынын аннотациялары, дисциплиналарды окутуунун натыйжалары жана калыптандырылуучу компетенциялардын мазмуну менен тааныштырып өттү. Андан ары магистратура бөлүмүнүн башчысы доцент А. Боронбаевага жана мектептерден келген стейкхолдерлерге сөз берди. Сөзгө чыккандар:

1. Б.и.к., доцент А. Боронбаева – магистратура бөлүмүндө 550100 - "Табигый илимий билим берүү" багыты жана 520200 – "Биология" багыты боюнча окутулуучу дисциплиналардын магистрдик программалары, силлабустар, ОМКлар жөнүндө маалымат берип, стейкхолдерлерди окутуунун заманбап талаптары менен тааныштырып өттү. Биздин магистратуранын бүтүрүүчүлөрү мектептин талаптарына жооп береби, аларга кандай жардамдар көрсөтүлүүдө деген суроолор менен стейкхолдерлерге кайрылды.
2. Стейкхолдер – Н. Абдрахманова, А.П. Федченко, Д. Асакеева ж.б. магистрдик программалардын заман талабына ылайык иштелип чыккандыгына, магистрлердин жетишкендиктерине токтолуу менен бирге мектептердеги билим берүүдө жаралган көйгөйлөрдү да айтып кетишти. Жаш мугалимдер окутуунун жаңы технологияларын колдонууда аксап жаткандыгы, теория менен практиканы айкалыштыра албай жаткандыгы жөнүндө билдирүү жасады.

Ошондой эле кафедра мүчөлөрү стейкхолдерлерден окутуунун суроо-талаптарын аныктоо жана билим берүү программасына зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында түзүлгөн анкетанын мазмуунун талкуулашты. Жогоруда айтылгандарды угуп жана талкуулап кеңешме чечим кылат.

**Чечим:**

1. 550100 - "Табигый илимий билим берүү" багыты жана 520200 – "Биология" багыты боюнча түзүлгөн магистрдик программалар канааттандыраарлык деп табылсын.
2. Билим берүү программасына зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүү максатында стейкхолдерлерден окутуунун суроо-талаптарын аныктоо боюнча түзүлгөн анкетанын мазмууну канааттандыраарлык деп табылсын.

Кеңешменин төрайымы: Д.А.Эмилбекова

Кеңешменин катчысы: А.Ж.Дурсунбаева